## Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

## № 10 ПРОТОКОЛУ

**2022-жылдын 21-июнь** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** Айтикеев Т.К.
**Мүчөлөрү:** Абдыкулов М.О.,Үсөн уулу М., Алымбекова В., ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Жаңы окуу жылына бакалавр жана магистратура программалары үчүн НББПларды талкуулоо
2. ККФнын структура жетекчилеринин жылдык отчету
3. Ар түрдүү маселелер

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамын тактап, анын ичинен факультетин жаштар комитетинин төрайымы Мусабекова Жумагул шартка байланыштуу келе албай калгандыгын билдирип, Окумуштуулар Кеңешин баштоону добушка койду.
Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Окумуштуулар кеңешин баштоо бир добуш менен жактырылды.

1. **Жаңы окуу жылына бакалавр жана магистратура программалары үчүн НББПларды талкуулоо**

Кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын башчысы Абдыкулов М.О., Жаңы окуу жылына бакалавр жана магистратура программалары үчүн НББПларды талкуулоо боюнча кыскача баяндама жасады. 2021-2022- окуу жылында "Кытай таануу" "Лингвистика" жана "Филология" адистиги боюнча НББПларды жаныдан түзүлгөндүгү айтылды. Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары Үсөн уулу Маматаир жана факультеттин усулдук кеңешинин төрайымы, улук окутуучу Абдыкаарова Турдукан эжеке агай менен биргеликте жаңы окутуунун натыйжасин жаңылоо, кыскарту, толуктоо жана жакшыртуу иштерин жүргүзүлгөндүгү айтылды. Андан соң Окумуштуулар кеңешинин курамы менен биргеликте жаңыланган окутуунун натыйжасын талкуулады. Талкууда факультеттин магистратура бөлүмүнүн жетекчиси Алымбекова В.А. бакалавр жана магистратура программаларындагы НББПлар боюнча өзүнүн сунушунтарын жана ойлорун айты. Ошондой эле 2022-2023-окуу жылына жаңыланган окуу пландын негизинде алдын ала окутуучуларга саттар бөлүнөрү айтылып, бөлунгөн саатар жаңы окуу жылынын башталышына чейин дагы өзгөрүлөрүн билдирди..

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Жаңы окуу жылына бакалавр жана магистратура программалары үчүн НББПларды талкуулоого айтылган баяндаманы канаатандырарлык деп табууну жана айтылган сунуштардын аткаруурун добушка койду.
Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Бир добуш менен айтылган баяндама канаатандырарлык деп табылды жана айтылган сунуш кабыл алынды.

2. **ККФнын структура жетекчилеринин жылдык отчету**

Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары, “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын ага окутуучусу Үсөн уулу М. ККФнын структура жетекчилеринин жылдык отчету боюнча баяндама жасады. Ал өз баяндамасында контингент боюнча жана 2021-2022 окуу жылында, факультетке окууга тапшырган абитуриенттердин саны ошондой эле “Кытай таануу”, “Лингвистика” жана “Филология” адистигиндеги студенттердин, магистратурадагы “Кытай таануу” жана “Лингвистика” адистигинде билим алып жаткан магистранттардын саны боюнча жалпы маалымат берип өттү. Андан сырткары контингентке тиешелүү “Которуу-тиркелүү” комиссиясы боюнча канча студент которулганын жана канча студент калыбына келтирилгени жөнүндө айтылды, жаңы окуу жылына чейин “Которуу-тиркелүү” комиссиясын дагы тактап, бүтүрүү керектигин айтты. Ошондой эле 2021-2022 окуу жылына , окуу пландар деканат тарабынан бекитилип, андан кийин ошонун негизинде окуу процессинин графиги, жумушчу окуу план жана семестровка бекитилгенин белгилеп өттү. Мугалимдерге тайпалык журналды тезинен толтуруусун белгилеп айтты. Ошондой эле факультете ке бир структура жетекчилеринин жылдык отчету бериле электигин билдирип тез арада жазып тапшыларын эскерти. Андан сырткары Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү өздөрүнүн аткарган иштери, өткөргөн иш чаралары жөнүндө отчет беришти.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.

Макул – 14;

Каршы – жок;

Калыс – жок.

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды.

3. **Ар түрдүү маселелер**

3.1 Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары Үсөн уулу М. бүтө элек отчетторду жана документтерди тезинен бүтүрүп берүүсүн эскертти.

3.2 Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К. Айтикеев 2022-2023-окуу жылында бакалавр “Кытай таануу” жана “Лингвистика” адистиктеринен, магистратура “Лингвистика” адистиктигинен көз карандысыз аккредитациядан өтүгө жогорку деңгелде даярдануу зарылдыгын билдирди.

Ар түрдүү маселелерде айтылган эки маселе боюнча тең ОКнин жалпы курамы төраганы бир добуштан толук колдошту

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*

**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**

**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. Жаңы окуу жылына бакалавр жана магистратура программалары үчүн НББПларды талкуулоого айтылган баяндама канааттандырарлык деп табылсын жана айтылган сунуштар аткарылсын.
2. ККФнын структура жетекчилеринин жылдык отчету туралуу жасалган баяндама канааттандырарлык деп табылсын жана бардык структура жетекчиликтин жылдык отчету тез арада аткарылып, тийиштүү бөлүмдөргө тапшырылсын.

3.2 2022-2023-окуу жылында өтүчү көз карандысыз аккредитацияга даярдануу иштери жүргүзүлсүн.

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: Т.К. Айтикеев**

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин катчысы: М.М. Таштанова**